
**Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын**
**2014-жылдын 2-чейреги ичиндеги абалы тууралуу отчет**

## 1. Төлөмдөр түзүмүндөгү өзгөрүүлөр боюнча аналитикалык маалыматтар


Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча 2014-жылдын январь-июндун жыйынтыгы боюнча ИДӨ көлөмү 2013-жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырганда 4,1 пайызга көбөйүү менен 151,7 млрд. сомду түзгөн (2013-жылы көрсөткүчтүн 8,1 пайызга төмөндөөсү байкалган эле). Кароого алынып жаткан мезгилдин ичинде ИДӨнүн өсүшү негизинен өндүрүш, курулуш сектору,соода, өнөр жай жана кызмат жагынан көлөмдөрүнүн көбөйүүсүнө байланыштуу.


1-график. ИДӨ жана төлөмдөр көлөмүнүн өз ара байланышы


ИДӨнүн номиналдык өсүшү байкоого алынып жаткан мезгил ичинде 8,9 пайызды (2013-жылдын январь-июнунда 12,8 пайызды) түзгөн.


Республиканын банктар аралык төлөм системасында төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана номиналдык ИДӨнүн өзгөрүү динамикасы бир тараптуу тенденциянын сакталып турушун тастыктаган (1-график).

Алсак, 2014-жылдын 2-чейрегинин жыйынтыгы боюнча банктар аралык төлөмдөрдүн жалпы саны өткөн чейрекке салыштырганда 18,9 пайызга көбөйүү менен жана өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 38,1 пайызга көбөйүү менен 890 417 төлөмдү түзгөн. Банктар аралык төлөмдөрдүн жалпы көлөмү өткөн чейрекке салыштырганда 71,0 пайызга көбөйүү менен жана өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 109,9 пайызга көбөйүү менен 432,9 млрд. сом чегинде катталган (2-график). Банктар аралык төлөмдөр көлөмүнүн өсүшү АСС (автоматташтырылган соода системалары) аркылуу өткөн гросстук төлөмдөрдүн өсүшүнө байланыштуу.


2-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн динамикасы (млн.сом)


Отчеттук мезгил ичинде банктар аралык төлөмдөрдүн түзүмү өзгөрүүсүз калып, төмөнкүчө түптөлгөн: төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө банктык операциялар – 85,3 пайызды түзүү менен негизги үлүштү ээлеп, бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн салыштырма салмагы 9,8 пайызды, ал эми бюджеттик эмес уюмдардын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр, активдер жана милдеттенмелери үчүн төлөмдөрү 4,9 пайызды түзгөн.

Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн көлөмү 2014-жылдын 2-чейреги ичинде 2013 жылдын 2 чейрегине салыштырганда 41,0 пайызга көбөйүү менен 42,6 млрд. сомду түзгөн (2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда көрсөткүч 27,3 пайызга көбөйгөн). Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн көлөмүнүн өсүшүнө негизги салымды мамлекеттик бюджеттен түшкөн төлөмдөр кошушкан. Отчеттук чейрек ичинде бюджеттик кириш төлөмдөрдүн көлөмү 2013-жылдын 2 чейрегине салыштырганда 50,5 пайызга көбөйгөн (2013-жылдын 2-чейрегинде жылдык айтылышта төлөмдөрдүн көлөмү 15,8 пайызга көбөйгөн).


3-график. Бюджеттик кирешелердин, чыгашалардын жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы (млн.сом)


Кароого алынган мезгил ичинде мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашалары, 2013-жылдын 2-чейрегине салыштырганда 3,3 млрд. сомго же 6,9 пайызга көбөйүү менен 51,5 млрд. сом чегинде катталган. Бюджеттик чыгашалардын көбөйүүсү, негизинен, финансылык эмес активдерди 7,7 млрд. сомго чейин сатып алып чыгашаларды 2,6 эсеге көбөйтүүгө жана операциондук ишмердүүлүк боюнча

чыгашалардын 3,2 пайызга (43,8 млрд. сомго чейин) азаюусуна байланыштуу болгон. Натыйжада, банктар аралык төлөмдөр системасы аркылуу ишке ашырылган бюджеттик чыгыш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2013-жылдын 2-чейрегине салыштырганда отчеттук чейректе 36,5 пайызга көбөйгөн (2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда, 27,9 пайызга көбөйгөн).

## 2. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугу 2014-жылдын 2 чейреги үчүн 97,7 пайызды түзгөн жана 2013-жылдын ушул мезгили менен салыштырганда 1,2 пайызга көбөйгөн (2013-жылдын 2 чейреги үчүн кайтарымдуулук – 96,5 пайызды түзгөн).

1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу өткөн накталай акчалардын кыймылы

| Аймактардын аталышы | Келип түшкөн (млн. сом) | | Берилген (млн. сом) | | Кайтарымдуулук (пайыздар) | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2013-ж. II чейреги | 2014-ж. II чейреги | 2013-ж. II чейреги | 2014-ж. II чейреги | 2013-ж. II чейреги | 2014-ж. IIчейреги |
| Бардыгы | 187 069,10 | 242 197,20 | 193 792,90 | 247 876,00 | 96,5 | 97,7 |
| Бишкек шаары | 98 748,60 | 121 304,30 | 97 510,80 | 117 450,00 | 101,3 | 103,3 |
| Баткен облусу | 7 707,60 | 12 382,80 | 8 334,50 | 12766,6 | 92,5 | 97 |
| Жалал-Абад облусу | 18 607,40 | 24 509,90 | 21 484,10 | 28 633,60 | 86,6 | 85,6 |
| Ысык-Көл облусу | 7 847,60 | 10 256,10 | 9 338,90 | 11 543,80 | 84 | 88,8 |
| Нарын облусу | 2 909,50 | 4 446,00 | 4 181,60 | 5 337,20 | 69,6 | 83,3 |
| Ош шаары | 28 089,40 | 33 761,30 | 28 036,70 | 34763,7 | 100,2 | 97,1 |
| Ош облусу | 8 517,30 | 11102,2 | 9 250,80 | 11 646,90 | 92,1 | 95,3 |
| Талас облусу | 2 944,20 | 4 821,50 | 3 994,90 | 6 146,50 | 73,7 | 78,4 |
| Чүй облусу | 11 697,50 | 19 613,10 | 11 660,60 | 19 587,70 | 100,3 | 100,1 |


2014-жылдын 2 чейрегинде 2013-жылдын 2 чейрегине салыштырмалуу Чүй областынан ,Ош шаарынан жана Жалал-Абад областынан башка, республиканын бардык аймактары боюнча коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугунун өсүшү жүргөн:

- Бишкек шаары боюнча 2,0 пайызга;
- Баткен областы боюнча 4,5 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча 4,8 пайызга;
- Нарын областы боюнча 13,7 пайызга;
- Ош областы боюнча 3,2 пайызга
- Талас областы боюнча 4,7 пайызга

Чүй областы боюнча нак акча кайтарымдуулугу 0,2 пайызга төмөндөгөн, Ош шаары боюнча нак акча кайтарымдуулугу 3,1 пайызга төмөндөгөн, Жалал-Абад областы боюнча нак акча кайтарымдуулугу 1,0 пайызга төмөндөгөн.

2014-жылдын 2 чейрегинде нак акчалардын кайтарымдуулугунун эң жогорку көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча 103,3 пайызды түзгөн. Накталай акчалардын кайтарымдуулугунун эң төмөнкү көрсөткүчү Талас областы боюнча болуп, 78,4 пайызды түзгөн (5-График).

4-график. Аймактар боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтаруулар (%)





Коммерциялык банктардын кассаларына 2014-жылдын 2 чейрегинде келип түшкөн нак акчалардын суммасы 242 197,2 млн. сомду түздү жана 2013-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу 29,5 пайызга өскөндүгү байкалган.

Төмөндө 2014-жылдын 2 чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшкөн нак акчалардын негизги булактары боюнча маалыматтар келтирилген:


- коммерциялык банктардын алмаштыруучу жайларынан, сактык кассаларынан, жана жергиликтүү бөлүмдөрүнөн – 95 018,4 млн. сом же болбосо 2013-жылдын 2 чейрегине салыштырмалуу 41,1 пайызга көп (2013-жылдын 2 чейреги үчүн- 67 324,6 млн.сом);
- товарларды сатуудан – 17 435,3 млн. сом, 4,3 пайызга жогорулаган (2013-жылдын 2 чейреги үчүн - 16 717,2 млн.сом);

- банкоматтарды жана терминалдарды инкассациялоодон – 19 147,2 млн. сом же 25,0 пайызга жогорулаган (2013-жылдын 2 чейреги үчүн - 15 317,3 млн.сом);
- жергиликтүү (локалдык) акча которууну жүзөгө ашыруу үчүн - 20 855,6 млн. сом же 36,8 пайызга жогорулаган (2013-жылдын 2 чейреги үчүн - 15 247,5 млн.сом);
- аткарылган жумуштардан жана кызмат көрсөтүүдөн – 19 435,3 млн. сом же 58,3 пайызга жогорулаган (2013-жылдын 2 чейреги үчүн - 12 273,5 млн.сом);
- чет элдик валюталарды сатуудан – 27 209,6 млн. сом, 2013-жылдын 2 чейрегине салыштырмалуу 35,3 пайызга көп (2013-жылдын 2 чейреги үчүн - 20 112,7 млн.сом).

Келтирилген статистикалык маалыматтар боюнча коммерциялык банктардын кассаларына келип түшкөн сумманын өсүш кыймылы, баарынан мурун, товар өндүрүлүшүнүн өсүшүн, кызмат көрсөтүүнүн тарифтеринин жогорулашын, жергиликтүү (локалдык) акча которууну жүргүзүү жана чет элдик валюталарга болгон суроо-талаптардын жогорулашын чагылдырат.



5-график. 2013-жылдын 2 чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларына түшүмдөрдүн негизги булактары (млн.сом)




6-график. 2014-жылдын 2 чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларына түшүмдөрдүн негизги булактары (млн.сом)

Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчалар 2014-жылдын 2 чейреги үчүн 247 876,0 млн. сомду түзгөн жана 2013-жылдын 2 чейрегине салыштырмалуу 27,9 пайызга жогорулаган.


2014 – жылдын 2 чейреги үчүн коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчалардын негизги багыттары:

- коммерциялык банктардын алмаштыруучу жайларына, сактык кассаларына, жана жергиликтүү бөлүмдөрүнө - 92 692,1 млн. сом берилген, 2013-жылдын 2 чейрегине салыштырмалуу 41,9 пайызга көп (2013-жылдын 2 чейреги үчүн - 65 310,6 млн.сом);
- кызмат көрсөтүүгө жана аткарылган жумуштарга төлөөгө - 9 791,7 млн. сом же 26,1 пайызга жогорулаган (2013-жылдын 2 чейреги үчүн – 7 761,9 млн. сом);
- банкоматтарга акча жүктөө үчүн - 28 867,4 млн. сом же 33,2 пайызга жогорулаган (2013-жылдын 2 чейреги үчүн – 21 666,5 млн. сом);
- жергиликтүү (локалдык) акча которууларды төлөөгө - 20 517,1 млн. сом, жогорулоо 29,2 пайыз (2013-жылдын 2 чейреги үчүн – 15 883,1 млн. сом);
- товарларга төлөөгө - 3 189,4 млн. сом, 9,4 пайызга жогорулаган (2013-жылдын 2 чейреги үчүн – 2 916,0 млн. сом);
- чет элдик валюталарды сатып алууга - 42 946,7 млн. сом, 26,2 пайызга жогорулоо (2013-жылдын 2 чейреги үчүн – 34 025,5 млн.сом).
- Эмгек акыларды төлөөгө - 5 149,8 млн. сом, 2013 – жылдын 2 чейрегине салыштырмалуу 25,1 пайызга төмөндөгөн (2013-жылдын 2 чейреги үчүн эмгек акыларды төлөөгө - 6 875,3 млн. сом берилген).

7-график. 2013-жылдын 2 чейреги үчүн коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн.сом)




8-график. 2014-жылдын 2 чейреги үчүн коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн.сом)





## 3. Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү

### 3.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС)

Улуттук банк, 24 коммерциялык банк жана алардын 293 филиалы Пакеттик клиринг системасынын (мындан ары - СПК) катышуучуларынан, ал эми «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАК (мындан ары – «БПБ» ЖАК) – адистештирилген катышуучусунан болушкан.

9-график. СПК төлөмдөр көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн.сом)




2014-жылдын 2-чейрегинин иш жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү 25 224,4 млн. сом чегинде катталып:

- өткөн чейрекке салыштырганда 19,8 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 22,0 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук мезгил ичинде клиринг төлөмдөрүнүн саны 825 757 төлөмдү түзүп:

- өткөн чейрекке салыштырганда 16,8 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 37,0 пайызга көбөйгөн.

### 3.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы


Отчеттук мезгил ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 407 721,2 млн. сомду түзүү менен:

- өткөн чейрекке салыштырганда 75,7 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 119,7 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу 2014-жылдын 2-чейреги ичинде 64 660 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч:

- өткөн чейрекке салыштырганда 53,5 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 52,5 пайызга көбөйгөн.

10-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн.сом)




### 3.3. Банктык төлөм карттар рыногу


2014-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызматтарды иштеп жаткан 24 банктын ичинен 22 банк сунуштаган, алардын ичинен 13 банк жана «Элкарт» улуттук системасы боюнча 18 банк эл аралык карттардын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.

*Банктык төлөм карттар эмиссиясы.*

2014-жылдын 2-чейрегинин акырына карата абал боюнча эмитирленген төлөм карттарынын саны **796 685** түзгөн. Мында, карттардын саны өткөн чейректегиге салыштырганда 9,9 пайызга көбөйүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда алардын саны 47,0 пайызга өскөн.



11-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны



12-график. Областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны

Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн:


- **<u>Эл аралык системалар</u>** ***<u>610 975:</u>***
  - «Visa» 286 079;
  - «Master Card» 1 272;
  - «Золотая корона»[1] (Россия) 323 077;
  - «China Union Pay» 547;
- **<u>«Элкарт» улуттук системасы 185 710.</u>**


*Банктык төлөм карттар эквайринги.*

2014-жылдын 2-чейрегинин акырына карата абал боюнча иштеп турган терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрлөрү боюнча төмөнкүчө катталган:

– Visa & MasterCard эл аралык системалары боюнча – 218 банкомат жана 1 860 терминал;
– «Элкарт» улуттук системасы боюнча – 364 банкомат жана 1 360 терминал;
– «Золотая корона» (Россия) эл аралык системасы боюнча - 307 банкомат, 711 терминал.

Жалпысынан алганда, банктык төлөм карттар, республиканын бүтүндөй аймагында орнотулган **889 банкоматта жана 3 931 терминалда** тейлөөгө алынган (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, банкоматтардын өсүшү 3,8 пайызды же болбосо 33 банкоматты, ал эми терминалдардыкы 5,0 пайызды же болбосо 186 терминалды түзгөн).




*Банктык төлөм карттарын пайдалануу менен операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы.*

2014-жылдын 2-чейреги ичинде ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү **18 626,6 млн. сомду** түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 30,3 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 48,5 пайызга көбөйгөн.

Мурдагыдай эле, бардык операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга – 17 839,5 млн. сом туура келген, бул бардык операциялардын жалпы көлөмүнүн 95,6 пайызын ээлеген. Соода-сервистик ишканалардагы терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү 787,1 млн. сомду түзгөн (бул жүзөгө ашырылган бардык операциялардын 4,4 пайызы). Төлөм карттарынын орчундуу бөлүгү «эмгек акы долбоорун» ишке киргизүүнүн чегинде эмитирленген.

2014-жылдын 2-чейрегинде картты пайдалануу менен **3,7 млн. ашык транзакция** ишке ашырылган. Өткөн чейрекке салыштырганда операциялар саны 19,3 пайызга көбөйүү менен, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда ал 37,0 пайызга өскөн.

### 3.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу төлөмдөрү SWIFT, «Telex», «Банк-Клиент», «Е-Клиент» ж.б. системаларды пайдалануу менен ишке ашырылган. Мында коммерциялык банктар көбүнчө SWIFT системасын пайдаланышкан.


2014-жылдын 2-чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 12 түрү боюнча ишке ашырылган. Жылдын 2-чейрегинин жыйынтыгы боюнча кириш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 222,7 млрд. сомду (бул көрсөткүч 2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда 24,2 пайызга көбөйүп, 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 16,3 пайызга көбөйгөн), ал эми чыгыш төлөмдөрдүн көлөмү 269,4 млрд. сомду түзгөн (бул көрсөткүч 2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда 38,7 пайызга көбөйүп, 2013-жылдын 2-чейрегине салыштырганда 19,4 пайызга көбөйгөн эле).

### 3.5. Акча которуулар


Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча акча которуулар которуулардын эл аралык жана локалдык системалары аркылуу жүзөгө ашырылган. Акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кириш которуулардын жалпы саны 34,0 млрд. сом жалпы суммасында 1 753 204 (2014-жылдын 1 чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 52,4 жана 21,6 пайызга көбөйүү болгон, ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 19,4 пайызга жана 5,4 пайызга көбөйүү жүргөн), чыгыш которуулардын саны 7,4 млрд. сом жалпы суммасында 102 974 түзгөн (2014-жылдын 1 чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 6,1 пайызга азайуу жана 33,0 пайызга көбөйүү болгон, ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 1,0 пайызга азайуу жана 14,0 пайызга көбөйүү жүргөн).

Кыргыз Республикасынын аймагында кириш жана чыгыш которуулардын көлөмү боюнча салыштырма салмак көбүрөөк Бишкек шаарына туура келген, мында кириш которуулар жалпы көлөмдүн 37,6 пайызын, ал эми чыгыш которуулар жалпы көлөмдүн 59,1 пайызын ээлеген.

15-график. Республикадагы областтар боюнча кириш акча которуулардын үлүшү (%)




16-график. Республикадагы областтар боюнча чыгыш акча которуулардын үлүшү (%)





Отчеттук чейрек ичинде акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.


***1) АКШ долларында акча которуулар***

2014-жылдын 2-чейрегинде 176,6 млн. АКШ доллар суммасына кириш которуулардын жалпы саны 169 259 түзгөн (2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 42,5 пайызга жана 22,2 пайызга көбөйүү жүргөн; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 22,3 пайызга жана 13,5 пайызга көбөйүү жүргөн). Чыгыш которуулардын саны 44 226 чегинде калыптанып, 79,5 млн. АКШ долларын түзгөн (2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша 23,2 пайызды жана 23,2 пайызды түзгөн; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша 14,2 пайыз жана 0,7 пайыз чегинде катталган).

17-график. Валюталар боюнча кириш акча которуулар (млн.сом)




18-график. Валюталар боюнча чыгыш акча которуулар (млн.сом)




***2) Евро валютасында акча которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 1,8 млн. евро жалпы суммасында 4 125 сандагы кириш которуулар жүргүзүлгөн (2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 13,9 пайызга жана 4,0 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 9,1 пайызга жана 4,0 пайызга көбөйүү жүргөн). Чыгыш которуулардын саны 1,3 млн. евро жалпы суммасында 745 түзгөн (2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 7,7 пайызга жана 2,3 пайызга көбөйүү; ал эми 2013- жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 23,2 пайызга жана 17,6 пайызга азайуу жүргөн).

***3) Орус рублинде которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 15,9 млрд. рубль суммасында 1 568 794 кириш которуулар жүргүзүлгөн (2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 42,4 пайызга жана 24,4 пайызга көбөйүү; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 12,4 пайызга жана 6,1 пайызга көбөйүү байкалган). Мындан тышкары 2,0 млрд. рубль суммасында 40 600 чыгыш которуулар ишке ашырылган (2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 10,7 пайызга азайуу жана 4,0 пайызга көбөйүү

белгиленген; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 8,7 пайызга азайуу жана 7,7 пайызга көбөйүү белгиленген).

### 4) *Казак тенгесинде которуулар*

Отчеттук мезгил ичинде 290,8 млн. тенге суммасында 9 126 кириш которуулар ишке ашырылган (2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 35,5 жана 76,6 пайызга азайган; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 13,0 жана 40,8 пайызга көбөйгөн). Чыгыш төлөмдөр 210,4 млн. тенге суммасына 17 388 чыгыш которуулар жүргүзүлгөн (2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 3,1 жана 9,7 эсе көбөйгөн; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 8,9 жана 52,4 эсе көбөйгөн).

### 5) *Кыргыз сомунда которуулар*

Отчеттук мезгил ичинде 16,2 млн. сом суммасында 1 900 кириш которуулар ишке ашырылган (2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 14,7 жана 28,8 эсеге көбөйуу жүргөн; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 34,9 пайызга азаюу жана 14,7 пайызга көбөйүү байкалаган). Ал эми чыгыш которуулардын саны 0,3 млн. сом суммасында 15 түзгөн (2014-жылдын 1-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 3,2 жана 2,5 эсе көбөйүү байкалган; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көрсөткүч, тиешелүүлүгүнө жараша 24,6 пайызга жана 58,3 пайызга азаюу жүргөн).